# Өрт учурунда аткарылуучу жетекчилик көрсөтмөлөр

| № | Кыймыл-аракеттер | Аткаруу тартиби | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Өрт өчүрүү кызматын чакыруу | • "101" номерине чалыңыз;<br>• Эмне күйүп жаткандыгын, даректи, өзүңүз жөнүндө так маалыматты бериңиз;<br>• Дежур администраторго, мугалимге билдирүү. | Өрттү биринчи байкоочу |
| 2 | Сырткы эшиктерди ачуу | • Сырткы кире бериш эшиктердин эки жагын тең ачуу;<br>• Башка сырткы эшиктердин ачкычын алып, эшиктерди тез ачуу;<br>• Чыгуу алдындагы бардык тоскоолдуктарды жок кылуу;<br>• Бардык имараттан чыгуучуларды чогулуучу жайга багыттоо | Дежурлар<br>Күзөт кызматы |
| 3 | Мугалимдерди, окуучуларды, техникалык кызматкерлерди эвакуациялоо | • Бардык мугалимдерге жарыялоо: "Дежурдун кулактандыруусунун негизинде баарыбыз мектеп имаратынан чыгып кетүүбүз керек".<br>• Тартипти сактоону өтүнүп, чыгууга багыт алабыз;<br>• Өрт коопсуздук жана табигый кырсыктар үчүн эвакуациялоо схемасынын негизинде чыгуу багыттарын көрсөтүү.<br>• Окуучуларды ошол учурда сабак берип жаткан мугалим эвакуациялайт;<br>• Жалпы мектептин окуучулары мектептин артындагы спорт аянтчасына чогулат;<br>• Эвакуациянын белгиси болуп, кыска 1-2 мүнөттүк коңгуроо болуп эсептелинет. | Күзөт кызматы<br>Дежур мугалим<br>Администратор |
| 4 | Өрт өчүрүүчү кызматкерлер келгенге чейин өрт өчүрүү | • Өрттү байкоо замат тез арада аны өчүрүү иштерин уюштуруу;<br>• Өрттү өчүрүүчү биринчи каражаттарды колдонуу ( өрт өчүрүүчү баллондор, суу түтүктөрү) | Күзөт кызматы<br>Дежур мугалим<br>Администратор |
| 5 | Өрт өчүрүүчүлөрдү тосуу | • Өрт өчүрүүчүлөрдү негизги эшиктен тосуу;<br>• Өрт өчүрүүчүлөрдүн башчысын кыска жол менен өрт чыккан жерге коштоо жана ага маалымат берүү;<br>• Өрт окуучулар үчүн кандай коркунуч туудурраарын, өрт чыккан жер тууралуу, өрттүн таралышы жана эвакуациянын жыйынтыгы тууралуу маалымат берүү. | Күзөт кызматы<br>Дежур мугалим<br>Администратор |
| 6 | Мүлктү эвакуациялоо | • Адамдарды эвакуациялагандан кийин баалуу документтер жана каражаттар эвакуацияланат;<br>• Бардык эвакуацияланган мүлктөр мектептен 20 м. аралыкта топтолот жана ага күзөтчү дайындалат | Директордун көрсөтмөсү менен |

Мектеп директору: Б.С.Атаев

Сканировано с CamScanner